**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ**
**МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ**
**МИНИСТРЛИГИ АДИСТЕШТИРИЛГЕН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**МЕКЕМЕЛЕРИ АГЕНТТИГИ АЛДЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК**
**ЧЕБЕРЧИЛИК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БААЛОО ИЛИМИЙ-**
**ПРАКТИКАЛЫК БОРБОРУ**

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНАН КЕСИПТИК СЕРТФИКАТТОО ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

# СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

**Ташкент – 2026**

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНАН КЕСИПТИК СЕРТФИКАТТОО ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

# СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

Бул спецификация Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү уюмдарынын педагог кадрларын кесиптик сертификаттоо боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүсүнүн административдик регламентине ылайык иштелип чыккан. Документ башталгыч билим берүү мугалимдеринин кесиптик билимдерин, көндүмдөрүн жана компетенцияларын баалоо үчүн колдонулуучу тест сынактарынын мазмунун, түзүлүшүн жана баалоо критерийлерин белгилейт.

Спецификация тест тапшырмаларынын мазмунун, түзүлүшүн, баалоо критерийлерин, тест тапшырмаларынын формасын, когнитивдик деңгээлдерин ошондой эле баалоо процессин уюштуруунун тартибин белгилеп берет.

Бул документ тест тапшырмаларын иштеп чыгууда методикалык негиз катары кызмат кылат жана баалоо процессин айкындуулугун, адилеттүүлүгүн жана илимий негизделгендигин камсыз кылууга багытталган.

## I. Жалпы принциптер

Баалоонун негизги максаты башталгыч билим берүү мугалимдеринин предмет боюнча теориялык билимдерин, практикалык көндүмдөрүн, лабораториялык ишмердүүлүгүн уюштуруу компетенциясын, башталгыч билим берүү багытында окутуу методикасы боюнча билимдерин, педагогикалык чеберчилигин жана кесиптик компетенцияларын комплекстүү баалоодон турат.  Баалоо жыйынтыктары педагог кадрларды кесиптик сертификаттоо процессинде токтом кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

## II. Нормативдик-укуктук негиздер

1. Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-февралындагы «Мамлекеттик мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү уюмдарынын педагог кадрларын кесиптик сертификаттоо боюнча мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн административдик регламентин бекитүү тууралуу» 87-сандуу токтому.

2. Өзбекстан Республикасынын Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү министрлигинин 2026-жыл 3-июлдагы «Мамлекеттик мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү мекемелеринин педагогикалык кадрларын кесиптик сертификаттоо боюнча көзөмөлдөө сынагын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө» гү 233-сан буйругу.

## III. Баалоонун көлөмү

Башталгыч билим берүү мугалимдери үчүн адистик предметинен 40 тест тапшырмасы, педагогикалык чеберчиликтен 10 тест тапшырмасы, жалпы 50 тест тапшырмасы берилет жана жалпы тестти аткарууга бөлүнгөн убакыт 120 мүнөт деп белгиленет. Бул жерде жабык тест тапшырмалары (жалгыз туура жоопту талап кылган (Y1), дал келтирүүнү талап кылган (Y2) жана ырааттуулукту талап кылган тест тапшырмалары (Y3) колдонулат. Адистик сабактардан түзүлгөн тест тапшырмаларынын мазмун тармагы жана баалана турган билим жана көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү төмөндөгү таблицада чагылдырылган.

## IV. Тесттин түзүлүшү

Тест сынагы башталгыч билим берүү багытынын негизги мазмун багыттарын камтыйт. Тактап айтканда, тест тапшырмалары жалпы эне тили, окуу сабаттуулугу, математика, табигый илимдер, тарбия, башталгыч билим берүүнү окутуу методикасы жана педагогикалык чеберчиликке тиешелүү билимдерди жана көндүмдөрдү баалоого багытталган. Тест тапшырмаларынын мазмуну жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары, учурдагы окуу программалары ошондой эле предмет боюнча методикалык талаптардын негизинде калыптандырылат.

### Адистик предметтерден түзүлө турган тест тапшырмалардын мазмун тармагы жана бааланууучу билим жана көндүмдөрү боюнча бөлүштүрүлүшү

*1-таблица*

| **Мазмун тармагы** | **Бааланууучу конструкттар** | **Тесттердин саны** |
|---|---|---|
| | **1.Окуу сабаттуулугу** | |
| 1.1. Текстти окуп түшүнүү жана ой жүгүртүү менен талдоо | -Илимий жана көркөм тексттерден негизги идея жана фактыларды аныктоо;<br>- чыгарманы логикалык жактан талдоо жана корутунду чыгаруу; | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| | - ырларды кара сөз түрүндө баянын талдоо; | |
| 1.2. Элдик оозеки чыгармачылык | – элдик оозеки чыгармачылык үлгүлөрүн мазмун, идея жана форма жагынан талдоо; | 1 |
| 1.3. Адабий жанрлар. Көркөм искусство | -адабият теориясына байланыштуу билимдерин колдоо;<br>-жанр өзгөчөлүктөрү, уйкаштык, жана анын түрлөрү, көркөм искусстволорду тактап айырмалоо; | 2 |
| 1.4. Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты өкүлдөрүнүн өмүрү жана чыгармачылыгы | -адабий салыштыруу – кыргыз, дүйнөлүк адабият жана заманбап адабият жазуучулардын чыгармаларын мазмуну жана көркөмдүк жагын аныктоо;<br>-автордун стилин аныктоо;<br>-персонаждарды, окуяларды талдоо;<br>-чыгарманын темасы, образ жана стилдик ыкманы аныктоо; | 3 |
| **2. Эне тили** | | |
| 2.1. Кептин тыбыштары, орфография, фонетикалык кубулуштар. | -фонетикалык жана орфографиялык – тыбыштарды талдоо;<br>-орфографиялык эрежелерин практикада колдоо,<br>-фонетикалык кубулуштарды айырмалай алуу; | 2 |
| 2.2. Түз жана өтмө маани, омоним, синоним, антоним, фразеологизмдер. | -сөздөрдүн лексикалык маанилери, түз жана өтмө маанини айырымлоо;<br>-сөздөрдүн формасына жана маанисине жараша түрлөрүн аныктоо, туруктуу сөз айкаштары жана көркөм сөз каражаттарынын маанисин талдоо; | 2 |
| 2.3. Уңгу жана мүчөлөр. Мүчөлөрдүн түрлөрү. | -сөз составын талдап, сөздөрдү маанилик бөлүктөргө бөлө алуу;<br>-сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн милдетин аныктоо ошондой эле кепте туура колдонуу; | 2 |
| 2.4. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү. Кызматчы сөз түркүмдөрү. Өзгөчө сөз түркүмдөрү. | -маани берүүчү сөз түркүмдөрү, кызматчы сөз түркүмдөрү, өзгөчө сөз түркүмдөрү;<br>-алардын түрлөрүн талдоо, формасынын окшоштугу менен маанисинин окшоштугун ажырата билүү,<br>-жөнөкөй сөздөрдүн жасалуу жолдорун аныктоо;<br>– маани берүүчү жана кызматчы сөз түркүмдөрүн грамматикалык белгилердин негизинде ажырата билүү; | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| 2.5. Тыныш белгилери | - тыныш белгилеринин түрлөрүн жана аларды колдонуу эрежелерин билүү;<br>-тыныш белгилеринин сүйлөмдөгү маанисине жана тонго тийгизген таасирин түшүнүү жана жазма кепте тыныш белгилерин туура жана орундуу колдонуу; | 1 |
| 2.6. Сөз айкаштары, сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрү. | - синтаксистик түзүлүш – сөз айкашы, анын байланышуу жолдору, сүйлөмдүн түрлөрүн, сүйлөмгө мүчө боло албай турган сөздөрдү сүйлөмдөгү маанисин талдай алуу; | 1 |
| **3. Математика** | | |
| 3.1. Натурал сандар.<br>Бөлчөк сандар.<br>Ондук бөлчөктөр. | -натурал, бүтүн жана бөлчөк сандарды аныктай алуу;<br>-сандардын орундук маанисин түшүнүү;<br>-бүтүн жана бөлчөк сандарды айырмалоо;<br>-сандарды тартиптөө;<br>-бөлчөктөрдү жана бүтүн сандарды салыштыруу;<br>-берилген сандарды рим саны менен жаза алуу; | 4 |
| 3.2. Амалдар жана алгебралык ой жүгүртүү | -өзгөрүүчүлөр жана алгебралык туюнтмаларды аныктоо;<br>-теңдеме жана теңсиздикти түзө алуу;<br>-жөнөкөй алгебралык туюнтмаларды логикалык жөнөкөйлөштүрө алуу;<br>-алгебралык ой жүгүртүүнү талдай алуу; | 4 |
| 3.3. Геометрия жана өлчөмдөр | -геометриялык фигуралардын периметрин, аянтын жана көлөмүн эсептөө;<br>-форма жана өлчөө натыйжаларын математикалык формулалар менен туюнтуу;<br>-ар кандай формалардын периметрин жана аянтын салыштыруу;<br>-берилген өлчөөлөрдүн негизинде геометриялык маселелерди чыгаруу;<br>- өлчөө натыйжаларын таблицада, диаграммада же чиймеде туюнтуу;<br>-өлчөө натыйжаларын салыштыруу; | 2 |
| 3.4. Ыктымалдуулук теориясы жана маалыматтар менен иштөө | -окуянын ыктымалдыгын түшүнүү;<br>-ар кандай маалыматтар топтомун жана ыктымалдык натыйжаларын салыштыруу;<br>-маалыматтарды түрдүү формаларда (таблицалар, диаграммалар, графиктер) окуй билүү жана статистикалык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү; | 2 |
| **4. Табигый илимдер** | | |

| | | |
|---|---|---|
| 4.1. Жердин үстү, жаратылыш аймактары, климаты, ландшафттары, жаратылыш ресурстары | - Континенттер жана океандар, негизги деңиздер. Табигый өзгөчөлүктөрү: тоолор, талаалар, өрөөндөр, чөлдөр. Суу ресурстары: дарыялар, көлдөр, жер астындагы сууларын аныктоо;<br>- табигый аймактардын спецификалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо: климатты, өсүмдүк жана айбанат дүйнөсүн түшүнүү; Ландшафтты калыптандыруучу табигый процесстер. Минералдык ресурстарды айырмалоо; | 2 |
| 4.2. Турмуштук системалар жана организмдер | -организмдердин жана экологиялык системалардын негизги мүнөздөмөлөрүн аныктоо; -экологиялык чөйрө менен адамдын ишмердүүлүгүнүн байланышын түшүнүү; -биологиялык негиздери менен сергек жашоо жөнүндө чечимдерди баалоо;<br>-өсүмдүк жана жаныбар организмдеринин негизги бөлүктөрүн атай алуу; -тирүү организмдердин классификациясын практикалык кырдаалда колдонуу; | 2 |
| 4.3. Физикалык кубулуштар. Энергия.<br>Жарык. Аракет. Күч. | - жаратылыш кубулуштары кандай факторлор астында пайда болоорун түшүндүрөт; -берилген объекттерди физикалык касиеттери боюнча топторго классификациялоо; -табигый кубулуштардын жана процесстердин негизги түшүнүктөрүн, табигый заттын жана энергиянын касиеттерин аныктоо; -кубулуштарды жана процесстерди түшүнүү; | 1 |
| **5. Тарбия** | | |
| 5.1. Жеке тарбия жана моралдык баалуулуктар. | - улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын маңызын, туура жана туура эмес аракеттерди ажырата билүү; | 1 |
| 5.2. Коомдук жана жарандык тарбия. | - жарандык сезимди жана катышуу принциптерин реалдуу кырдаалдарда колдонуу, жарандык укуктар менен милдеттерди айырмалоо; | 1 |
| **Жалпы** | | 40 |

**Педагогикалык чеберчиликтен түзүлө турган тесттик тапшырмаларды мазмун тармагы жана баалана турган билим жана көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүүсү**

*2-таблица*

| | |
|---|---|
| **1. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК** | **10** |

| | | |
|---|---|---|
| **1.1. Жалпы педагогика** | Педагогиканын, дидактиканын, тарбиялоонун жана жаш психологиясынын негиздерин жана ыкмаларын билүү жана кырдаалга ылайыктуусун тандай алуу;<br>– педагогиканын принциптерин (аң-сезим жана активдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, системалуулук, илимийлүүлүк, теория менен практиканын айкалышы ж.б.) билүү жана берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай алуу;<br>– тарбия жана анын түрлөрүн билүү, бири-биринен айырмачылыктарын билүү, берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай алуу;<br>– сабакты жана анын түрлөрүн билүү, сабакты пландаштыруу, уюштуруу жана классты башкаруу ыкмаларын конкреттүү кырдаалдарда колдоно билүү;<br>– класс жетекчинин укуктарын жана милдеттерин билүү, класстын иш кагаздары менен иштөө, аларды жүргүзүүдө туура ырааттуулукту сактоо, класстын жамаатын туура калыптандыруу, баарлашууда педагогикалык этиканын эрежелерин сактоо, ата-энелер менен кызматташуунун натыйжалуу формаларын тандоо, көйгөйлүү кырдаалда эң ылайыктуу стратегиялык ыкманы колдонуу;<br>– педагогикалык этиканын, сүйлөөнүн, техниканын, чыгармачылыктын, педагогикалык этикеттин, билимдин/компетенттүүлүктүн, баарлашуу маданиятынын, сылыктык/жумшактыктын, чыгармачылыктын, рефлексиянын жана профессионалдык өсүштүн негиздерин билүү жана тигил же бул кырдаалга ылайыктуусун тандай билүү;<br>– педагогикалык жөндөмдүүлүктү жана алардын түрлөрүн (дидактикалык жөндөмдүүлүк, академик жөндөмдүүлүк, персиптив-педагогикалык жөндөмдүүлүк, кеп маданияты, уюштуруучулук жөндөм, коммуникативдик жөндөм, авторитардык жөндөм ж.б.) билүү жана аларды конкреттүү кырдаалда колдоно билүү;<br>– билим берүү технологияларын билүү (долбоордук окутууга негизделген билим, көйгөйлүү окутуу, биргелешкен окутуу, эвристикалык окутуу, инсанга багытталган окутуу, интерактивдүү окутуу, дифференцияланган окутуу, интеграцияланган окутуу, оюн негизинде окутуу, инклюзивдик окутуу ж.б.) жана кырдаалга эң ылайыктуусун тандап алуу жөндөмү; | 10 |
| | – предметтин мазмунун тармагын окутуунун ыкмаларын, методикасын жана технологиясын билүү;<br>– предметтин тармагын окутуу усулдары жана методдорун айырмалоо жана кырдаалга ылайыктуусун тандай алуу;<br>-предмет тармагын окутуу боюнча берилген окутуу кырдаалга байланыштуу кабыл алынган токтомдорго баа берүү. | |

**Когнитив көндүмдөр бөлүнүшү**

*3-таблица*

| № | Когнитив даража | Түшүндүрмөсү | Тест саны |
|---|---|---|---|
| 1 | **Билим** | Предметке тиешелүү негизги далилдерди, мыйзамдарды, аныктамаларды, формулаларды жана кубулуштарды жатка билүү, таануу, эсине түшүрүү. | 22 |
| 2 | **Колдоо** | Далил жана мыйзамдарды таануу кырдаалдарда колдоо, эсеп-китеп кылуу, график/диограмма талдоо. | 23 |
| 3 | **Ой жүгүртүү** | Бейтааныш кырдаалда колдонуу, анализ-синтез, себеп-натыжа байланышы, чечмелөө, баалоо. | 5 |

## V. Баалоо ченеми

Тест тапшыруучунун жалпы жыйынтыгы ар бир тест тапшырмасына берилген баллдардын жыйынтыгынын негизинде аныкталат. Ар бир туура жооп үчүн **2 балл**, туура эмес жооп үчүн **0 балл** берилет. Тест сынагынын эң жогорку натыйжасы 100 баллды түзөт.

## VI. Экзамен тартиби

*Мүмкүн болбогон каражаттар:* сынак учурунда мобил телефон, акылдуу саат, планшет же электрондук эскерткичтерден пайдалануу катуу тыюу салынат.

*Адеп жана тартип:* көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, экзамен учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу сыяктуу абалдарга тыюу салынат.

Көзөмөлдөөчү тартип бузууну аныктаган учурда аны расмийлештирип, талапкерди тестирлөөдөн четтетет жана анын жыйынтыгы жокко чыгарылат.

## VI. Негизги адабияттар

1. Эне тили окуу сабаттуулугу 2-класс А.Тойчубаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. -120 б.
2. Эне тили жана окуу сабаттуулугу 3-класс А.Тойчубаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -144 б.
3. Эне тили 4-класс үчүн жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу

4. Кыргыз тили. 5-класс үчүн окуу китеби / Ш. Уринбаева Ташкент:, «Novda» 2022. -224 б.
5. Кыргыз тили. 6-класс үчүн окуу китеби / Ш. Уринбаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
6. Кыргыз тили. 7-класс. Ш. Уринбаева ж.б. Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
7. Адабият. 5-класс үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: «Novda»2022. -224 б.
8. Адабият. 6-класс үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
9. Адабият. 7-класс үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
10. Окуу китеби: 4-класс үчүн окуу китеб/ Г.Ералиева, -Ташкент: «O'zbekiston» БПЧҮ, 2024.-176 б.
11. Математика 2-класс (Текст): окуу китеби/ Л.Орунбаева ж.б.-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. -192 б.
12. Математика 3-класс (Текст): окуу китеби/ Л.Орунбаева ж.б.-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -192 б.
13. Математика 4-класс (Текст): жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу китеби. Бикбаева Н.У.Ташкент «O'qituvchi» БПЧҮ, 2020.-208 б.
14. Тарбия: 2-класс окуу китеби. 1-басылымы. Н.Исматова ж.б –Т.Гафур Гулам атындагы басма-полграфиялык чыгармачылык үйү, 2020. -80 б.
15. Тарбия: 4-класс окуу китеби. 1-басылымы. Усманова О.В. ж.б –Т. "Novda" 2025. -80 б.
16. Табигый илимдер 2-класс үчүн окуу китеби/ К. Суяров ж.б. –Ташкент Республикалык билим берүү борбору, 2021. -120 б.
17. Табигый илимдер 3-класс үчүн окуу китеби/ З. Сангирова ж.б. –Ташкент Республикалык билим берүү борбору, 2022. -136 б.
18. Табият таануу. 4-класс жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу китеби/ А. Бахрамов ж.б. –Ташкент «Sharq» 2020. -120 б.

## VIII. Педагогикалык чеберчилик жана кесиптик стандарттар боюнча булактар:

1. Mavlonova R.A., Umumiy pedagogika. Darslik. – Toshkent: Fan va texnologiyalar, 2018. – 528 b.
2. Xoliqov A. Pedagogik mahorat. Darslik, – Toshkent: "Bayoz" nashriyoti, 2025. – 504 b.
3. Tolipov O'., Ro'ziyeva D. Pedagogik texnologiyalar va pedagogik mahorat.

O‘quv qo‘llanma. – Toshkent: “Innovatsiya-ziyo” nashriyoti, 2019. – 276 b.
4. Sh. Abdiraimov v.b. Ta’limda baholash va monitoring asoslari. O‘quv-uslubiy qo‘llanma. – Toshkent, TDYU nashriyoti, 2026. – 208 bet.

***Эскертүү:*** *Тесттик тапшырмалардын мазмуну сунушталган адабияттарда чагылдырылган мазмунга, принциптерге жана ыкмаларга шайкеш келет, бирок тесттик тапшырмалар түздөн-түз булактардан алынбайт. Тестке даярдануу процессинде сунуш кылынган адабияттар эсте сактап калуу булагы катары кызмат кылбастан, жалпы кесиптик даярдыкты бышыктоого багытталган.*